Силерге Аллах Таала ал аркылуу күнөө-каталарды өчүрүп, даражаларды көтөрө турган ишти айтайынбы?

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силерге Аллах Таала ал аркылуу күнөө-каталарды өчүрүп, даражаларды көтөрө турган ишти айтайынбы?" Сахабалар: Айтыңыз, о, Аллахтын элчиси" - дешти. "Кыйынчылыкка карабай жеткиликтүү даарат алуу. Мечитке көп каттоо. Намаздан кийин кийинки намазды күтүү. Мына ушул (Аллах менен) бекем байланыш".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына кайрылып, күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө, периштелердин жазылган китебинен өчүрүлүүсүнө, бейиште даражанын бийик болуусуна себеп боло турган иштерди билүүнү каалайсыңарбы деп сурады. Сахабалар: Ооба, угууну каалайбыз - деп жооп берет. Ал минтип айтат: Биринчи: суукта, суу аз учурда, ооруп турганда, же суу ысык болуп калган учурда, айтор кандай кыйынчылык болгонуна карабай, дааратты толук, жеткиликтүү алуу. Экинчи: алыс үйдөн мечитке басып баруу жана улам-улам мечитке каттоо. Үчүнчү: намаз убактысын күтүү, жүрөк менен байланып самап күтүү. Мечитте жамаат менен намаз окуу үчүн күтүп отуруу. Бир намаз окулуп бүткөндөн кийин кийинки намазды күтүү. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушул иштер Аллах менен чыныгы байланыш экенин айтты. Анткени, булар шайтандын азгырык жолдорун тосот. Напси каалоосун тыят. Бул кудум душмандын чегиндеги чек араны коруу сыяктуу.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3574